КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ

ТОҢ РАЙОНУ
КӨК-МОЙНОК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТОНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
КОК-МОЙНОКСКОГО
АЙЫЛНОГОАЙМАКА

---

**Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын VII чакырылышы**

# ТОКТОМ

2023-жылдын 12-сентябры № 45 Ак-Өлөң айылы

**Жер аянтын которуу ( трансформациялоо) жөнүндө**

Көк-Мойнок айыл аймагына инвестиция тартуу жана калкты жумуш менен камсыз кылуу максатында Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын сөздөрүн угуп жана талкуулап, Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Көк-Мойнок айыл аймагына инвестиция тартуу жана калкты жумуш менен камсыз кылуу максатында Көк-Мойнок айыл аймагынын Көк-Мойнок-1 айылындагы "Сай-короо" участкасынан №1498,1508,1509,1510 контурларда жайгашкан жайыт түрүндөгү жалпы 202,0гектар жер аянтын шамалдан электр энергия алууга электр станциясын куруу үчүн "Өнөр-жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которууга макулдук берилсин.

**2.** Жерди трансформациялоо боюнча иш алып баруу жагы Көк-Мойнок айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

**3.** 202,0 гектар жайыт түрүндөгү жер аянтын "Өнөр-жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которуу (трансформация) жагы Тоң райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.

**Төрага** **С. Д. Байбосунов**